“М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети” илимий-изилдөө университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Славян университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.24.707 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, профессор Атышов Кобогон Атышович тарабынан, изденүүчү Жамалов Шукурали Абдыкаровичтин 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүү” темасындагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Жамалов Шукурали Абдыкаровичтин “Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүү” темасындагы диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште илимий-теоретикалык маселелерди изилдөө менен бирге, Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизимин өркүндөтүүнүн маанисин негиздөө, багыттарын жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу чагылдырылган жана ал 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистигинин паспортуна ылайыктуу келет.

**2. Иштин максаты катары.**

Диссертацияда төмөндөгү бир канча милдеттерди аткаруу каралган:

1.Тышкы соода экономикалык байланыштарды жана бажы контролун жөнгө салуунун илимий-теориялык аспектерин талдоо.

2.Өлкөнүн тышкы экономикалык байланыштарын учурдагы калыптануу өзгөчөлүгүн, азыркы абалын, өнүгүү тенденциясын, тышкы соода бажы жаатындагы байланыштарды,алардын өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу талдоо жана иликтөө жүргүзүү менен бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүүдө укутук негиздери боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

3. Бажы кызматынын өнүгүү процессинде өтө керек теориялык мааниси болгон "кызмат көрсөтүү" түшүнүгүгүнө илимий жана укуктук аныктама берүүнү изилдөө.

4. Кыргыз Республикасында бажы кызматынын салык төлөмдөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги салыктык кирешелердин божомолун эсептөө.

5. Бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүүнүн иштиктүү программаларын сунуштоону негиздөө.

Рыноктук экономиканын маалында тышкы соода экономикалык байланыштардын өсүшү бажы контролун талаптагыдай уюштуруу жана колдоо мамлекетибиздин орчундуу маселелеринен. Республикада экспортко чыгаруучу товарларды эл аралык талаптардын деңгээлинде даярдоо, мамлекеттер аралык келишимдерди так жана өз убагында аткаруу, товар сатуучулардын жана товар алуучулардын менчиктик формасына карабай мыйзам алдында жоопкерчилигин жогорулатуу зарылчылыгын шарттады.

Диссертациялык иш белгиленген максаттарына, милдеттерине жана мазмунуна толук ылайык келип, Кыргыз Республикасында бажы төлөмдөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен

салыктык кирешелерин 2035-жылга чейинки өсүү мүмкүнчүлүгү көрсөтүлүп анын божомолу аныкталды.

**3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Өлкөнүн каржы экономикалык саясатынын келечектеги өнүгүшү мамлекеттик бажы кызматынын бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимдерин жакшыртуу жана тышкы соода экономикалык байланыштарын жогорку деңгээлде алып барышына жараша аныкталат. Анткени бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимдерин өркүндөтүү товар айлануулардын агымын көбөйтүүгө, бажы кызматынан түшкөн кирешелердин көлөмүн жогорулатууга, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толуктап жана экономикалык коопсуздугун камсыздайт.

Колдонуудагы мыйзамдык ченемдер анын ичинде мамлекеттик бажы кызматында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүүнүн көйгөйлөрүнө так жана терең илимий изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Ата мекендик окумуштуулар тарабынан бул теманын кээ бир жактары толук чагылдырылган эмес жана бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүү боюнча атайын изилдөө болбогондуктан, бажы контролунун натыйжалуулугун келечекте көтөрүүнүн илимий-практикалык негиздөө зарылчылыгы келип чыгат.

Ишти даярдоодо жана койулган милдеттерди негиздөөдө илимий адабияттар колдонулган жана практикада колдонуу боюнча сунуштар менен толукталган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында деп корутундулоого болот.

**4. Илимий натыйжалар.** Иште экономика илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

4.1. Тышкы соода экономикалык байланыштарды жана бажы контролун жөнгө салуунун илимий теориялык-методикалык аспектилери жалпыланып, анда бажы кызматынын өнүгүү процессинде маанисинин-теориялык негиздерин изилдөөнүн натыйжасында, “кызмат көрсөтүү” категориясы толукталды, бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө укуктук негиздеринин багыттары сушушталды.

4.2. Тышкы соода экономикалык байланыштарды жана бажы контролун жөнгө салуунун теориялык аспектерин талдоо жана бажы кызматынын өнүгүү процессинде өтө керек теориялык мааниси болгон “кызмат көрсөтүү” категория түшүнүгүнө илимий жана укуктук аныктама берилди.

4.3. Бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимдерин өнүктүрүү маселесин изилдегенде, товар айлантууда чыгып жаткан көйгөйлөр дүйнө жүзүндө жана Кыргыз Республикасында колдонулуп жаткан мыйзамдардын талаптары сакталбагандыгы, товар айлануудагы аткезчиликтин орун алышы, кошуна мамлекеттердин Тажикистан, Өзбекистан мамлекеттеринин мамлекеттик органдары менен өз ара мамилелеринин механизимин өзгөчө чек ара боюнча маселелердин толук чечилбегендиги, бажы кызматынын натыйжалуулук көрөткүчтөрүн төмөндөтөт. Бажы контролун жүргүзүүдө, бажы мыйзамдарынын талаптарын бузууга бөгөт койулуп, мамлекет тарабынан колдоого алынганда жана бажы контролун уюштуруу экономикалык механизиминдерин өркүндөтүү маселелерин чечкенде гана негиздүү болот.

4.4. Мамлекеттик бажы кызматынын өнүктүрүүнүн экономикалык багытарынан болуп, бажы системасын модернизациялоо, аткезчиликке каршы күрөшүүнү күчөтүү, заманбап техникалар менен жабдуу, бизнес процесстерин оптималдаштыруу, заманбап санариптештирүүнү илгерилетүү, өткөрүү пункттарында өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, бажы кызматынын кызматкерлеринин адискөйлөгүн жогорулатуу, кардарларга

кызмат көрсөтүүлөрүн ийкем кылуу, алардын маяналарын, социалдык абалын жогорулатуу.

4.5. Иштин теориялык мааниси. Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүүдө, тышкы экономикалык байланыштарды жакшыруу менен бирге бажы контролун жөнгө салууда ЕАЭБ бажы кодексин, КР бажы кызматынын мыйзамдарын жана өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбаларын эске алуу менен, бажы контролун уюштуруунун теоретикалык методикалык жоболорун системалдаштыруу менен бирге, товар айландыруунун көлөмүн көбөйтүү, коррупциялык жана аткезчилик схемаларга бөгөт койунун натыйжасында бажы төлөмдөрүнүн киреше бөлүгүн көбөйтүү негизделген.

4.6. Жамалов Шукурали Абдыкаровичтин диссертациялык иши "Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүү" окумуштуулук даражасын изденүүгө 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча туура келет.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

5.1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик бажы кызматын жөнгө салуу. Наука, новые технологии и инновация-2024, №1 (с 91-97).

5.2. Кыргыз Республикасында тышкы сооданын өсүшүнүн багыттары жана бажы көзөмөлүнүн ролу. Известия ВУЗов-2021№1 (с.123-128) ISSN 694-7681 (print) ISSN 1694-8475 (online) DOI :10.26104\IVK2019\45\557.

5.3. О необходимости региональной торгово-таможенной интеграции для развивающихся стран. Наука, новые технологии и инновация-2021, №7 (с114-118) ISSN1694-8483 (print) ISSN 1694-8475 (online) DOI :10. 26104\NN TIK.2019.45.557.

Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду. Илимий-изилдөө ишинин кийрүү актысы 10-июнь 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан бекитилген. Бажы кызматынын өнүгүүсүн теориялык методикалык өнүгүү өзөгүн бир нукка салып, аны кыйла тереңдетип талдап, уюштуруу экономикалык механизимин аныктап өлкөнүн бул тармагынын өнүгүшүн камсыз кылуусунун абалын изилдеп, бажы кызматы менен тыгыз байланышкан министрликтер жана ведомстволор ортосунда экономикалык байланыштарды жакшыртуу, өлкөдө жана аймактарда өндүрүлгөн өндүрүмдү жогорулатуу максатында заманбап талаптарга жооп бере турган уюштуруу экономикалык механизимдерди түзүү боюнча сунуштар белгиленген.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине толук дал келет.

**7. Эскертүүлөр.**

7.1. Мамлекеттик бажы кызматкерлерин окутуу боюнча көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун толуктаса иштин мазмунун жакшыртмак.

7.2. Үчүнчү баптагы айрым абзацтарды иштин багыттары жараша толуктоо керек.

**8. Сунуштар.**

8.1. Үчүнчү баптагы математикалык эсептөөнүн айрым бөлүктөрүн диссертациялык иштин тиркемесине которуу абзел;

8.2. Товар өндүрүүчүлөрдү, броккерлерди окутууну жана аларды уюштуруу маселеси камтылса диссертациялык иштин сапаты жогоруламак.

**9. Сунуштамалар.**

Диссертациялык иштеги айрым бир орфаграфиялык каталарды жөнгө салуу зарыл.

**10. Корутунду.**

Көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык баалуулугун төмөндөтпөйт, тескерисинче тандалган изилдөө актуулдуулугун баса белгилейт.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Жамалов Шукурали Абдыкаровичтин тапшырган документтерин карап чыгып,** “М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети” илимий-изилдөө университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Славян университети менен биргеликте диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.707 диссертациялык кеңешине Жамалов Шукурали Абдыкаровичтин **08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика** адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүү” темасындагы диссертациялык ишин коргоого сунуштайт.

**Эксперт: экономика илимдеринин**

**доктору, профессор** **А. К. Атышов**

**Диссертациялык кеңештин**

**окумуштуу катчысы, э.и.к** **А. О. Окенова**

30.01.2025г.